**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 6-токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов Ош шаары, 30.06.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. – Окутуучу жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Арипов Н.- Доцент, илимий иштер боюнча декандын орун басары
4. Жумабаев М.- Окутуучу, жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары
5. Жусубалиев А.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
6. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
7. Кадыров М.- Ага окутуучу
8. Калбердиев А.- Доцент, кафедра башчысы
9. Козукулов Т.- Доцент
10. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кесиптик бирликтин төрагасы
11. Тажибаев С.- окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
12. Юсуф Доган- Декандын орун басары

Себептүү : жок

**Күн тартиби:**

1. Жайкы сессиянын жана МАКтын жыйынтыгы жөнүндө окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиевдин баяндамасы.
2. Ар түрдүү маселелер

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берип, тааныштырып кетти жана Окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиев өткөн окуу жылынын жыйынтыктары боюнча баяндама жасады:

2020-2021-окуу жылынын жайкы сессия боюнча жыйынтык менен тааныштырып, студенттердин сапаттык жетишүү кышкы сессияга салыштырмалуу жогору болгондугун белгилеп кетти. Ошондой эле МАКтын жыйынтыгына токтолуп кетти, бакалавр программасынын 2-курсу Комплекстүү мамлекеттик аттестацияны 21-июнь күнү тапшырып, 35 студенттен 34 студент катышты. 23 студент «эң жакшы», 9 студент «жакщы» 2 студент «канаатандыраарлык» деген баага тапшырышты, ал эми 1 студент келген жок. Ал студент кайрадан тапшырат. Колледж боюнча 23-июнь күнү 36 студенттен

Scanned with CamScanner

13 студент катышып, алардын ичине 3 студент «жакцы» 10 студент «канаатандыраарлык» деген баага тапшырышты. 23 студент кайрадан тапшырышат.

Бакалавр программасынын 4-курс студенттердин мамлекеттик экзамендери 07-15.06.2021ж. аяктаганын белгилеп кетти. Адистик боюнча мамлекеттик сынакка 40 студент катышып, алардын ичинен 25 студент «эң жакшы», 15 студент «жакцы» деген баага тапшырышты. Квалификациялык ишин коргоо 35 студент «эң жакшы». 5 студент «жакцы» деген баага коргошту.

Колледж программасы боюнча болсо 28-29.06.2021ж. жүргүзүлдү. Адистик боюнча мамлекеттик сынакка 2-3-курсунун бүтүрүүчүлөрү 20 студент катышты. Алардын ичинен ичинен 9 студент «эң жакшы», 8 студент «жакцы», 2 студент «канаатандыраарлык» деген баага тапшырышты.

2020-2021-окуу жылында жалпысынан бүтүрүүчү курстун студенттери мамлекеттик атестациялык комиссиянын сынагынан ийгиликтүү өткөндүгүн баса белгиледи.

**II маселе**

**Угулду:** Кафедра башчы *А. Калбердиев* сөзгө чыкты:

Окуу жүктөмдөр жана аларды пландоо нормалары жөнүндөгү Жобонун 2.2. пунктуна ылайык практикалык жана семинардык сабактар 1 тайпага пландалат деп көрсөтүлгөн. Бирок окутуучу Рыскулов К. “Ата мекен тарыхы” предметинен 4-семестрде Тб-1-19 (18 студент), Тб-2-19 (19 студент) тайпаларына практикалык сааттарын жалпы 60 саатты эки тайпаны бириктирип өтүп, жогорудагы Жобонун талаптарын одоно бузган. Бир жумада 1 күнгө 2 тайпага тең 4 сааттан коюлган. 8 саат сабак өткөндүн ордуна 2 тайпаны бириктирип 4 саат сабак өткөн. Окуу методикалык кеңеште карап чыгууну сунуштайбыз.

**Токтом кылат:**

1. Жайкы сессиянын жана МАКтын жыйынтыгын канааттандырарлык деп табылсын
2. Окуу методикалык кеңештин мүчөлөрүнө окутуучу К. Рыскуловдун окуу жүктөмдөр жана аларды пландоо нормалары жөнүндөгү Жобонун талаптарын бузуу боюнча карап чыгууну даярдады.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner